УДК 2964 (338.14)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-4(120)-204-212

**КАСАБОЛОТОВ Ж.А.**
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
**КАСАБОЛОТОВ Ж. А.**
Национальная академия наук Кыргызской Республики
**KASABOLOTOV ZH. A.**
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

# МАМЛЕКЕТТИН СУБЪЕКТТҮҮЛҮГҮН БЕКЕМДӨӨНҮН УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР ҮЧҮН АКТУАЛДУУЛУГУ

# АКТУАЛЬНОСТЬ УКРЕПЛЕНИЯ СУБЪЕКТНОСТИ ГОСУДАРСТВА ДЛЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИНТЕРЕСОВ

# THE RELEVANCE OF STRENGTHENING SUBJECTIVITY OF THE STATE FOR NATIONAL INTERESTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргызстандын саясий турмушу үчүн көйгөйлүү маселе болгон мамлекеттин субъекттүүлүгүн бекемдөөнүн актуалдуулугу жөнүндө сөз болот. Автор объект жана субъект абалынын маселеси логиканын, философиянын жана экономиканын гана эмес, саясат таануунун да предмети экендигин баса белгилейт. Предметтин проблемасынын саясий өңүтүн кеңири карап чыгып, автор ага илимий түшүндүрмө берет. Бул үчүн мамлекеттер ээлеген абалдын объект, субъект жана кадыресе өз алдынчалык деген шарттуу абалдары субъекттүүлүктүн деңгээлдери же даражалары катары сунушталат. Мында айрым өлкөлөрдүн абалы бир нече чен-өлчөмдөр менен талданып, алардын арасында Кыргызстандын субъекттүүлүк даражасы аныкталат. Улуттук кызыкчылыктар үчүн мамлекеттин объект абалында болушунун коркунучтары кеңири каралат. Макалада берилген маалыматтар бир катар чиймелер жана таблицалар менен бекемделет.

**Аннотация:** В статье идет речь об актуальности укрепления субъектности государства для политической жизни Кыргызстана. Автор подчеркивает, что проблема состояния объекта и субъекта являются предметом не только логики, философии и экономики, но и политической науки. Автор дает научное объяснение политическому аспекту проблемы предмета, рассмотрев его с самых разных ракурсов. Для этого в качестве степени субъектности предлагается условно рассматривать положения государств в качестве объекта, субъекта и состояние обычной самостоятельности. При этом по нескольким критериям анализируются состояния некоторых государств, среди которых определяется степень субъектности Кыргызстана. Подробно рассматриваются угрозы пребывания государства в состоянии объекта для национальных интересов. Инфорация, предоставленная в статье, иллюстрируется схемами и таблицами.

**Abstract:** The article discusses the relevance of the state's subjectivity for the political life of Kyrgyzstan. The author argues that the problems of the state and the subject include not only logic, philosophy and economics, but also political science. The author gives a scientific explanation of the political aspect of the problem of the subject, examining it from a variety of angles. To do this, as a degree of subjectivity, it is proposed to conditionally consider the provisions of states as an object, a subject and a state of ordinary independence. At the same time, the states of some states are analyzed according to several criteria, among which the degree of subjectivity of Kyrgyzstan is determined. The threats to the state's stay in the state of an object for national interests are examined in detail. The information provided in the article is illustrated with diagrams and tables.

**Негизги сөздөр:** саясат, процесс, объект, субъект, мамлекет, аспект, көйгөй, даража, улут, элементтер.

**Ключевые слова:** политика, процесс, объект, субъект, государство, аспект, проблемы, степень, нация, элементы.

**Keywords:** policy, process, object, subject, state, aspect, problems, degree, nation, elements.

Саясий процесстерди талдоодо субъект жана объект тууралуу түшүнүктөрдү туура колдонуу чоң мааниге ээ болушу мүмкүн. Эске сала кетсек, кеңири мааниде субъект – иш-аракеттердин ээси болгон тарап, объект – ал аракеттер багытталган тарап. Субъект процесстин жигердүү катышуучусу болуп эсептелет. Ал кандайдыр аракеттери кылып, башка объектилерге таасир этүүгө жөндөмдүү жана эрктүү. Субъект адам да, уюм да, мамлекет да болушу мүмкүн. Субъект – бул жалаң гана физикалык нерсе эмес, аң-сезими бар жана чечим кабыл ала алган ар кандай объект боло алат.

Өз кезегинде объект субъектинин аракети багытталган жигерсиз тарап болот. Объект сөзсүз эле аң-сезимсиз же чечим кабыл алууга жөндөмсүз нерсе эмес [1].

Субъект менен объект түшүнүктөрү саясат илимдеринде да, философияда да, экономикада да, психологияда да ж.б. кеңири колдонулат. Ошондуктан биздин темага тиешелүү маселелерди талдоодо жалпы жонунан субъектини таасир эткен тарап, объектини таасирге туш болгон тарап деп конкреттештирип алуу максатка ылайык.

Практика көрсөткөндөй, мамлекеттерде субъектинин белгилери канчалык көп болсо, улуттук кызыкчылыктары ошончолук бийик даражада корголгон жана ишке ашкан болот. Тескерисинче, объектинин белгилери канчалык көп болсо, улуттук кызыкчылыктары ошончолук артка чегинет. Демек, субъекттүүлүк маселеси мамлекеттин эгемендигин реалдуу мазмун менен толтуруп, ички жана тышкы саясатынын нукура өз алдынчалыгын камсыз кылыш үчүн негизги мааниге ээ.

Философия илимдеринин кандидаты Андрей Конуров «... субъектинин элементтерин бириктирип турган баалуулуктардын же кызыкчылыктардын мааниси ал элементтер үчүн ажыратуучу кызыкчылыктардын жана баалуулуктардын маанисинен ашып турушу керек. Антпесе саясий субъектинин бирдиктүүлүгү бузулуп, ал жок болот» деп таамай белгилеген [2, 147-152]. Эл аралык мамиленин деңгээлинде ал сөз кылган ажыратуучу кызыкчылыктар объективдүү ички жагдайлардын да, субъективдүү сырткы таасирдин, биринчи иретте башка мамлекеттердин (субъектилердин) таасиринин натыйжасы да болушу мүмкүн. Бирок себептери кандай болгонуна карабастан, субъектилик касиеттерден ажырап, ажыратуучу кызыкчылыктар менен баалуулуктардын айынан объект абалына өтүү мамлекет сыяктуу татаал түзүмдөрдүн кызыкчылыгына түздөн-түз коркунуч келтирет. Бул жалаң эле Кыргызстанга эмес, жалпы эле бардык мамлекттерге тиешелүү универсалдуу мыйзам ченемдүүлүк.


Бул изилдөөнүн алкагында мамлекеттердин ар кайсы тармактардагы абалына баа бериш үчүн аларды: а) объект абалы (1-сүрөт); б) кадыресе өз алдынчалык (2-сүрөт); в) жана субъект абалы (3-сүрөт) деген үч шарттуу деңгээлде кароо сунушталат (1-таблица). Анткени субъект абалына жетүүнүн жана анда туруктуу калуунун башкы шарты адегенде кадыресе өз алдынчалыкка жетип, объект абалынан кутулуу болуп эсептелет.

**1-таблица. Мамлекеттердин субъекттүүлүк деңгээли жана анын негизги мүнөздөмөлөрү**


| | |
|---|---|
| Объект абалы | Мамлекет башка мамлекеттердин же түзүмдөрдүн таасирине кабылып, ошол таасирдин эрки менен жашайт. |
| Кадыресе өз алдынчалык | Мамлекет өз ичиндеги процесстерди толугу менен өзү башкарат, бирок бул этапта сыртка таасир эте албайт. |

| | |
|---|---|
| Субъект абалы | Мамлекет өз ичиндеги процесстерди да толугу менен өзү башкарып, башка мамлекеттердин жана эл аралык түзүмдөрдүн да да турмушуна, абалына, чечимине таасир этет. |


**1-сүрөт. Объект абалынын символикалык схемасы**




**2-сүрөт. Кадыресе өз алдынчалыктын символикалык схемасы**



**3-сүрөт. Субъект абалынын символикалык схемасы**





**Негизги таасир факторлору**

Биздин пикирибизде, мамлекеттердин өз ара мамилесинде бир нече таасир фактору олуттуу роль ойнойт. Алардын негизгилерин санай кетели.

**__Тил.__** Эгерде тилдин тазалыгын сактаса, адам баласы бир учурда бир гана тилде сүйлөй алат. Эгерде өз тилин гана билген эки киши сүйлөшүп жаткан болсо, аларга же котормочу керек болот, же бирөө экинчисинин тилине өтүшү керек болот. Тиешелүү түрдө колдонулбай калган тилдин өрүшү бир кишинин масштабында тарыйт, ал эми колдонулган тилдин өрүшү бир кишинин масштабында кеңийт. Бул мыйзам ченемдүүлүк кишинин санына карабастан бардык учурда иштейт. Мисалы, 7 миллион кишинин 3 миллиону күнүмдүк турмушунда жалаң орусча сүйлөп кетсе жалаң кыргызча сүйлөгөндөрдөн 4 миллион гана киши калат. Ал эми ошол эле 7 миллион кишинин 6 миллиону жалаң орусча сүйлөп кетсе кыргызча сүйлөгөндөр 1 гана миллион болот. Башкача айтканда бул жөнөкөй математикалык тескери көз карандылыкка кирет.

Ошол эле учурда тил кайсы гана улуттун болбосун негизги белгилеринин катарына кирет. Саясатта өз тилин тараткан тарап субъект болуп, анын тилин кабыл алган тарап объектинин ролуна өтөт.

**__Баалуулуктар.__** В. Г. Крысько түзгөн «Этнопсихологиялык сөздүктө» улуттук баалуулуктар «тигил же бул этностук жалпылыктардын өкүлдөрүнүн тарыхый өзгөчөлүгү чагылган руханий идеалдарынын бирдиктүүлүгү» деп чечмеленет. Анын пикиринде, улуттук баалуулуктар бир улутка (этноско) таандык болгон адамдардын социалдык жана ченемдик-маданий аксиомалары катары кызмат кылат [3]. Улуттук баалуулуктарынан ажыраган адамдар же маргиналдашат, же башка улуттардын баалуулуктарын кабыл алышат, же улуттук белгиси жок (мисалы диний, саясий) баалуулуктарды улуттук баалуулуктан жогору коюшат. Демек, улуттук баалуулуктар улуттун субъект катары маанилүү белгилеринин бири болуп эсептелет.

**__Маалымат.__** Мамлекеттин жарандары өлкөдө жана анын сыртында болуп жаткан окуялар тууралуу маалыматты: а) кайсы тараптын кызыкчылыгын көздөгөн; б) канчалык ишенимдүү; в) жана кайсы тилдеги булактардан, алып жатканы өтө маанилүү. Анткени маалымат булагынын биринчи эки белгиси жарандын маалымдалып жаткан окуяларга жана көрүнүштөргө карата мамилесин калыптандырса, үчүнчү белгиси тил көнүмүштөрүнө жана тандоосуна түздөн-түз таасир этет. Маалымат таратуу технологиялык жаңы баскычка өткөн азыркы доордо анын ролу ого бетер артууда жана татаалдашууда. Маалымат тараткан тарап субъект, анын таасири тийген тарап объект болуп эсептелет.

**__Чалгын.__** Саясат илимдеринин доктору Александр Михайленконун пикиринде, чалгын иши байыртадан бери бар, ал тургай аны айрымдар экинчи кесип деп эсептешет. Куралдуу күчтөргө демократиялык көзөмөл кылуу боюнча Женева борборунун маалымкатында чалгын кызматтарынын негизги милдети «улуттук коопсуздукка байланышкан маалыматты топтоо жана талдоо жана аны чечим кабыл алуучу адамдардын арасында таратуу» деп мүнөздөлөт [4, 61, 63]. Чалгын иштеринде объект болгон тарап утулат, анткени ниети, талуу жерлери, пландары маалым болот, ал эми субъект болгон

тарап утат, анткени саналып өткөн факторлордун баарын алдын-ала билет жана өз кызыкчылыгына колдонот.

**Куралдуу күчтөр.** Акыркы кылымдарда эл аралык укук канчалык өнүкпөсүн, талаштуу маселелерде куралдуу күчтөр канчалык маанилүү экенин дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчундагы чек ара чатактары, ачык согушка айланган гибриддик согуштар, ар кандай негизде мамлекеттердин ички ишине кийлигишүү аракеттери даана көрсөтүп турат. Куралдуу кагылышууда утулган тарап объектинин ролуна өтүп, өзүнө ылайык келбеген шарттарга көнүүгө аргасыз болот, ал эми уткан тарап субъектинин ролуна өтүп, өз эркин таңуулаганга мүмкүнчүлүк алат.

**Коомдук уюмдар**. Өкмөттүк эмес уюмдар (ӨЭУ) иерархиялык эмес, тармактык түзүмдөр болуп эсептелет. Алар долбоордук негизде иштеп жатканда каржы булактары койгон күн тартиби биринчи планга чыгат. Тиешелүү түрдө мындай уюмдардын өлкө ичинен каржыланышы өлкөнүн өз ичинде күн тартибине коюлган маселелердин чечилишине жардам берип, өлкөнүн субъектилигин бекемдөөгө жардам берет. Бирок ошондой эле статустагы уюмдардын жалаң же көбүнчө сырттан каржыланышы грант берүүчү тарапты жасалуучу иштин күн тартибин аныктаган субъектиге, ал уюмдар жайгашкан өлкөнүн өзүн сырткы таасирдин объектисине айландырат.

**Тарбия жана гуманитардык билим берүү.** Тарых, саясий география, тил, коом таануу, адабият сабактары, улуттук, мекенчилдик тарбия ж.б. көп жагынан өлкө жарандарынын болочок позициясын, баалуулуктарын, өз өлкөсүнө болгон мамилесин аныктайт. Маданият менен бирдикте гуманитардык билим берүү жана тарбия жарандык аң-сезимди аныктоодогу жана улуттук кызыкчылыктарга багыттоодогу эң маанилүү стратегиялык тармак болуп эсептелет.

**Дин.** Тарых илимдеринин доктору О. Н. Быков Европадагы эгемен мамлекеттердеги элдердин улут катары өзүн идентификациялашын башка жагдайлар менен катар Ватикандын таасиринин азайышы менен байланыштырган [5, 9]. Бул жаңы көз караш эмес, көп эксперттердин пикири. Андыктан Европа тарыхына карата улуттук кызыкчылыктар теориясы менен диндин таасиринин түздөн-түз байланышы бар. Бирок башка глобалдык диндер (анын ичинде ислам) деле жергиликтүү диндердин, каада-салттардын, маданияттардын, тилдердин абалына түздөн-түз таасир этет. XX кылымдан тартып диний ишенимдер саясий процесстерге кандай таасир этип жатканы көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн предметине айланууда. Мында динди жараткан жана тараткан элдер субъектинин, кабыл алган элдер объектинин ролуна өтөт.

**Улуттук курам.** Бир мамлекеттеги элдин негизин түзгөн улуттун башка мамлекетте жашаган өкүлдөрү ага таасир этүүнүн куралы катары кызмат кылган учурлар бар. Алыс барбай эле Украинадагы орус жикчилдиги, Азербайжандагы армян жикчилдиги белгилүү. Мында башка мамлекеттеги өз улутташтарын пайдаланууга жетишкен өлкө субъектинин ролунда болсо, андай таасирге кабылган мамлекет объектинин ролунда калат жана ал таасирди азайтууга аракет кылат.

**Аймактын өзгөчөлүгү.** Көп учурда эксклавга ээ болгон өлкөлөр субъектинин, ал анклав өз аймагында жайгашкан мамлекеттер объектинин ролунда калат, анткени өлкөнүн аймактык бүтүндүгүнө мындай жерлер абдан чоң ыңгайсыздык жаратат. Объектинин ролунан кутулгусу келген мамлекеттер өз аймагындагы анклавдарды кошуп алууга же алардын таасирин азайтууга аракет кылышат. Алардын таасирин азайтууга субъекттүүлүгү салыштырмалуу күчтүү мамлекеттер гана жетишет. Атап айтканда, жүзүндө Израилдин ичиндеги анклавга айланган Газа тилкесин Израилдин блокадасы жашоого ылайыксыз абалга чейин жеткирип, акырындап анын таасирин азайтууда.

**Экономика.** Экономикада субъект-объект мамилелерин жумуш күчүнүн, товардын, акчанын, технологиянын агымы туюндурат. Атап айтканда: а) экономикасы көбүрөөк өнүккөн өлкөгө экономикасы азыраак өнүккөн өлкөдөн эмгек миграциясынын агымы келет. Бирок бул кийин демографиялык таасирге айлана баштаганда объектинин ролундагы мамлекеттер субъектиге айланышы да мүмкүн; б) товарды экспорттогон

өлкөлөр субъектинин, импорттогон өлкөлөр объектинин ролунда болот; в) технологияларды экспорттогон өлкөлөр субъектинин, аны импорттогон өлкөлөр объектинин ролунда болот; г) карыз берген мамлекеттер субъектинин, карыз алган мамлекеттер объектинин ролунда болот; д) тышкы инвесторлор жайгашкан мамлекеттер субъектинин, алар инвестиция салган өлкөлөр объектинин ролунда болот.

Бул айтылган жагдайлар мамлекеттердин объект жана субъект катары мамилелеринде роль ойногон алака-катыштардын бардык тизмесин камтыбайт, бирок бул изилдөөнүн алкагында кеңири каралат, анткени Кыргызстандын шартында улуттук кызыкчылыктардын негизги маселелеринин катарына кирет.

Коомдук-саясий турмуштун ар кайсы жагдайлары мамлекеттердин абалына ар кандай таасир этиши мүмкүн. Мисалы, Орусия башка мамлекеттерге өз тилин жана маалыматын жайылтса да өзү дин чыгаруучу мамлекеттердин катарына кирбейт. Кытайдын экспорттук саясаты дүйнө экономикасына таасир эткен менен өзү тилин жайылтууда Орусиянын деңгээлинде ийгиликтүү эмес (2-таблица).

**2-таблица. Таасирдин түрлөрүнө жараша салыштырмалуу субъекттүүлүк деңгээли айрым мамлекеттердин мисалында**

| Таасир | Мамлекеттердин объект абалы | Мамлекеттердин кадыресе өз алдынчалыгы | Мамлекеттердин субъект абалы |
|---|---|---|---|
| Тил | Башка мамлекеттердин тили күнүмдүк турмушунда өз тилине караганда үстөмдүк кылат (Кыргызстан, Казакстан, Беларус) | Өз мамлекетинин чегинде өз тилин колдонот (Индия, Жапония, Кытай, Израил, Өзбекстан, Түркия) | Тилин өзү да, башкалар да колдонот (АКШ, Улуу Британия, Орусия, араб мамлекеттери) |
| Баалуулуктар | Жарандары үчүн жарандык, улуттук баалуулуктар эмес, сырттан импорттолгон баалуулуктардын таасири үстөмдүк кылат (Кыргызстан, Беларус, Казакстан) | Калкы өз жарандык жана улуттук баалуулуктары менен жашайт (Монголия, Кытай, Индия, Израил, Жапония) | Өз баалуулуктары менен өзү да жашайт, башкаларга да өзү тандаган баалуулуктарды таратат (Коллективдүү Батыш, Орусия, араб мамлекеттери) |
| Маалымат | Сырткы дүйнө тууралуу негизинен башка мамлекекеттерден тараган маалыматты колдонот (Кыргызстан) | Өз аймагында өзү маалымат таратат, башкалардан маалыматты өзү алат (Кытай, Иран) | Өз аймагында да, башкалардын аймагында да өз маалыматын таратат (Орусия, коллективдүү Батыш) |
| Чалгын | Башкалардын чалгынына объект болот (ыктымалдуу түрдө Кыргызстан) | Чет мамлекеттердин чалгын иштеринин алдын алып турат (ыктымалдуу түрдө Монголия, Жапония) | Өз аймагында контрчалгын ийгиликтүү иштейт, башкалардын аймагында ийгиликтүү чалгын жүргүзөт (ыктымалдуу түрдө АКШ, Израил, Орусия, Кытай, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Европа мамлекеттери) |
| Куралдуу күчтөр | Өз аймагында коңшулаш мамлекеттердин кол салуусуна дуушар болуп турат (Грузия, Кыргызстан, Украина) | Өз аймагын коргоого толук жарайт (Израил, Өзбекстан, Кытай) | Өз аймагын да коргоп, андан тышкаркы географияда да аскердик аракеттерге катыша алат (АКШ, НАТО мамлекеттери, Орусия, Түркия) |
| Коомдук уюмдар | Аймагындагы коомдук уюмдар мамлекеттин ичиндеги акторлор тарабынан эмес, сырткы акторлор тарабынан каржыланат, бирок алар өздөрүн жарандык коом уюмдары деп атап, жарандык коомдун атынан сүйлөй башташат (Кыргызстан, Тажикстан, Казакстан ж. б.) | Аймагындагы коомдук уюмдар мамлекеттин ичиндеги акторлор тарабынан каржыланат (Орусия, Украина) | Аймагындагы коомдук уюмдар башка мамлекеттердеги коомдук уюмдарды каржылайт (АКШ, Европа мамлекеттери) |
| Гуманитардык билим берүү | Өз жарандарына башка субъектилер түзгөн же башка мамлекеттердин тилинде даярдалган программалардын негизинде билим берет (бир катар элементтери Кыргызстанда бар) | Өз жарандарына бериле турган билимди өзү аныктайт (Кытай, Жапония, Индия, Түркия) | Өз жарандарына бериле турган билимдин да, башкалардын жарандарына бериле турган билимдин да багытын аныктайт (Коллективдүү Батыш, Орусия, ) |
| Дин | Башка аймактарда чыккан динди тутунат жана жайылтууга жардам берет (эли аврамисттик диндерди тутунган мамлекеттердин көбү, анын ичинде Кыргызстан, буддизмдин ар кайсы багыттарын тутунган Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттери) | Өз динин гана тутунат (Индия, Израил) | Өз динин башкаларга да жайылтат (Ватикан, Сауд Арабиясы, кайсы бир деңгээлде шииттик Иран) |
| Улуттук курамы | Титулдук улуттун тегерегинде улуттук азчылыктар жетиштүү интеграциялашкан эмес (Кыргызстан, Украина, Грузия, Казакстан) | 1. Башка мамлекеттердеги улутташтарына жигердүү таасир этпейт (Монголия, Жапония, Кытай).<br>2. Өз аймагында титулдук улут | Башка мамлекеттердин аймагында да улутташтары бар жана алар саясий таасирдин каражаты катары колдонулат (Орусия, Израил, Экинчи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | көпчүлүктү түзөт жана башка улуттар анын тегегинде интеграциялашкан, бирок улутташтары чет өлкөлөрдүн аймагында геосаясий жагдай катары колдонулбайт (Өзбекстан, Түркия, Кытай) | Карабак согушуна чейинки Армения, Тажикстан, Өзбекстан) |
| Аймактык абалы | Чек арасы такталган эмес, аймагында башка мамлекеттекрдин анклавдары бар (Кыргызстан, Израил, Армения) | Чек арасы такталган, ичинде анклавдар жок (Монголия, Жапония, Түштүк Корея) | Башка мамлекеттердин ичинде анклавдары бар (Азербайжан, Өзбекстан, Тажикстан) |
| Экономика | Башка мамлекеттерден экономикалык жактан көз каранды (Кыргызстан, Ооганстан, Тажикстан) | Өз экономикасы өзүн толук камсыз кылат (Индия, Израил, Монголия) | Экономикасындагы оң же терс жагдайлар башка мамлекеттерге да таасир тийгизет (Кытай, АКШ, Евробиримдик, Орусия) |

Көрүнүп тургандай, Кыргызстан жогоруда келтирилген бардык көрсөткүчтөр боюнча биринчи мамычада, демек көбүнчө объект абалындагы мамлекеттердин катарына кирет. Андыктан ушу тапта өлкөнүн улуттук кызыкчылыктары биринчи иретте, токтоосуз чечиле турган маселе катары кадыресе өз алдынчалыкка жетишүү жана мүмкүн болушунча бардык тармактарда объектинин ролунан арылуу максатынын актуалдуулугун шарттайт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Сайт: https://uchet-jkh.ru/i/subekt-i-obekt-osnovnye-otliciya/
2. Конуров А. И. Глобальная политическая субъектность и ее влияние на суверенитет государства. Вестник Военного университета, №1 (21), 2010.
3. Этнопсихологический словарь. М.: МПСИ. В. Г. Крысько. 1999. Сайт: https://ethnopsychology.academic.ru/372/%D1%86%D0%B5%D0%BD%D0%BD%D0%BE%D1%81%D1%82%D0%B8_%D0%BD%D0%B0%D1%86%D0%B8%D0%BE%D0%BD%D0%B0%D0%BB%D1%8C%D0%BD%D1%8B%D0%B5
4. Александр Михайленко. Разведывательная деятельность в современном мире. «Обозреватель-Observer». Сайт: https://cyberleninka.ru/article/n/razvedyvatelnaya-deyatelnost-v-sovremennom-mire
5. О. Н. Быков. Национальные интересы и внешняя политика. Монография. М.: ИМЭМО РАН, 2010.